2а-классынын мугалими Султанова  Гулнара математика сабагынан «Айлана»,- деген темада окуучуларды топторго бөлүп, көргөзмөлүү сабак өтүп берди. Окуучулар сабакка активдуу катышты.

2б-классынын мугалими Уралиева Сайкал мекен таануу сабагынан «Кун жана тун»,- деген темада окуучуларды топторго бөлуп, эң жакшы көргөзмөлүү сабак өтүп, термометр менен баалап, мыкты мугалим экендигин  далилдеди.

3-класстын мугалими Булатова Нурайым мекен таануу сабагынан «Мен сүйгөн кесип»,- деген темада окуучуларды топторго бөлүп, ар бир кесиптин артыкчылыктарына токтолуп, сабакты кызыктуу өттү.

4-классынын мугалими Турдумамбетова Авива эжейибиз кыргыз тили сабагынан «Муундардын түрлөрү»,- деген темада эң жакшы ачык сабагын насаатчы мугалим катары, интерактивдуу ыкмаларды колдонуп, эсте калаарлык сабак өттү.

Ал эми жылдык пландын негизинде окуу техникасын текшеруу, жазуу дептерлерин көзөмөлдөө иши дагы ушул айда өткөрүлдү.

Февраль айында 1а-классынын мугалими Кайыпбаева Айдана «Энелер мектеби » программасынын алкагында «Баалуулуктар»,- деген темада ачык тарбиялык саатын өттү.

2-класстарынын арасында эң жакшы макет жасоо боюнча конкурс уюштурулуп,  көркөм айтуу боюнча  мыкты окуучулардын тобу аныкталды. Класс жетекчилери Асанбаева Адина, Уралиева Сайкал.

23-апрель –Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата бир айлыктын алкагында «Окуу, жарат, изилде!»деген темада изилдөө боюнча сынакка 2-3-4-5-6-класстарынын окуучулары катышып, өнөрлөрүн сынап көрүштү.

Апрель айынын башында 1-класстарынын «Рахмат сага Алиппе»,- деген аталышта алиппе менен коштошуу кечеси эн жакшы уюштурулгандыкта ата-энелердин коштоосунда өттү. Класс жетекчилери Кайыпбаева Айдана, Абдразакова Бегайым.